# 1-ТЕМА. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ УКУКТУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЧЕНЕМДЕР

## 2-лекция. Үй-бүлөлүк зомбулук чөйрөсүндөгү стереотиптер жана жалган түшүнүктөр



# Стереотип деген эмне?

- **Стереотип** – бул адамдын кандайдыр бир нерсеге карата алдын ала түзүлгөн жеке көз карашына негизделген баа берүүсү, ал стереотиптик жүрүм-туруму аркылуу чагылуусу мүмкүн.
- Стереотип терс да, позитивдүү да болушу мүмкүн, ошондуктан стереотип менен терс пикирди айырмалоо керек.
- **Гендердик стереотип** – бул жеке бир аялга же эркекке карата ал (аял/эркек) болгону аялдардын же эркектердин социалдык тобуна тиешелүүлүгүнөн улам гана айрым бир сапаттарды, мүнөздөмөлөрдү же ролдорду ыйгаруу, таңуулоо тажрыйбасы.

# Стереотиптер жана жалган түшүнүктөр зомбулуктан жабыр тарткан аялдарды коргоого кандайча тоскоол болушат?

- Зомбулукка карата жалган түшүнүктөр жана стереотиптүү мамилелер коомдун аялдарга карата зомбулукту кабыл алуусун жана реакциясын калыптандырат.
- Агрессорлорду жоопкерчиликке чакыргандын ордуна, адатта күнөөнү зомбулуктан жабыр тарткан адамга оодара салат.
- Мындай жалган түшүнүктөр зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга чоң зыян алып келүүсү жана алардын жардам сурап кайрылуусуна тоскоолдук кылуусу мүмкүн.
- Демек, үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү менен иш алып барган кызматкерлер жалган түшүнүктөрдүн жана реалдуулуктун ортосундагы айырмачылыкты түшүнүүсүнүн зарылчылыгы дал мына ушунда.
- Ички иштер органдарынын кызматкерлери үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө бардык мүмкүн болгон стереотиптик көз караштарды жана жалган түшүнүктөрдү жетекчиликке алып, жабыр тарткан адамдарды кысымга же басымга алуусуна эч качан жол берилбейт.

# №1 жалган түшүнүк: Үй-бүлөлүк зомбулук – бул үй-бүлөнүн жеке иши, ага мамлекеттин киришүүгө акысы жок. Күйөөсү өзүнүн аялына кандайча мамиле жасайт эч кимдин эч кимдин тиешеси жок.

Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулукка тыюу салынат жана ал мамлекет тарабынан жазаланат. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо, алдын алуу жана коргоо чаралары караштырылган:

- Кылмыш-жаза кодексинде,
- Укук бузуулар жөнүндө жана Балдар жөнүндө кодекстерде,
- Үй-бүлөлүк кодексте,
- «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө», «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» Мыйзамдарында.

Демек, Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулук жеке иш болуп эсептелбейт, а мамлекеттик органдар болсо бул терс көрүнүштүн тамырын кыркуу максатында укуктук жана социалдык мүнөздөгү чаралардын комплексин ишке ашырышат.

# №2 жалган түшүнүк: Аялдар аларды жазалоону өздөрү каалашат.

- Кыргыз Республикасында күйөөсү аялын кандай гана  жолдор менен болбосун тарбиялай алат деген пикир кеңири тарап жүрөт.
- Жакында жүргүзүлгөн изилдөөгө ылайык, 15-49 жаш курактарына тиешелүү аялдардын ичинен 16% аял ((21%  айылдык жана 15% шаардык) аял, эгерде ал күйөөсүнө айтпай кетип калса, эгерде балдарына кам көрбөсө, аны менен талашса, аны менен жыныстык катнаштан баш тартса же анын тамагы күйүп кетсе аялын уруп сабаса болот деп аялды уруп сабоону акташат.
- Бул жалган түшүнүк таяк жеген аялдар – булар күйөөсүнө мамиле кылганды билбеген, аны тынчтандырганды, эс алдырганды билбеген, ага жагымдуу нерселерди жасай албаган жаман аялдар ж.б. деген пикирди дагы чаптап келишет.
- Бул көз караштардын баары аялды күйөөсүнүн терс жүрүм-турумунун себепчиси кылып коёт жана аялдын өзүнүн жүрүм-туруму зомбулукка алып келет деген божомолдорго такайт.

**№3 жалган түшүнүк: Гендердик зомбулуктун себептери – көз карандылыкка алып келе турган заттарды, мисалы, ичимдикти жана\же баңги заттарын көп колдонуу.**

Ар түрдүү заттарды колдонуу, көп учурда аялдарга карата үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулук жасоо менен коштолоруна жана агрессияны токтотуу сапатын төмөндөтүп коёруна карабай бул коштоочу фактор болуп эсептелет, бирок зомбулуктун негизги себеби эмес. Ичимдиктерди жана баңги заттарын ашыкча кыянаттык менен колдонууну зомбулукту актоочу сапаттар катары карабаш керек. Тажрыйба, баңги заттарын жана ичимдиктерди зомбулук жасаган адамдардын баары эле колдоно бербестигин жана баңги заттарын колдонгондордун баары эле зомбулук жасабай тургандыгын көрсөттү.

## №4 жалган түшүнүк: Эркектер өздөрүнүн ачуусун көзөмөлдөй алышпайт, ошондуктан үй-бүлөлүк зомбулук жасашат.

Үй-бүлөлүк зомбулук – атайылап жасалган жүрүм-турум, жана эркектер өздөрүн көзөмөлдөй алышат. Алардын зомбулугу конкреттүү адамдарга, алардан көз каранды же алсызыраак адамдарга карата багытталган. Үй-бүлөлүк зомбулуктун күнөөкөрлөрү мындай учурларда канчалык ачууланып же таарынып турушса дагы өздөрүнүн жетекчилерине, же көчөдөгү адамдарга кол салышпайт да.

# № 5 жалган түшүнүк: Аялдар үй-бүлөдө эркектер сыяктуу эле зомбулукту көп жасашат.

- Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын расмий көрсөткүчтөрүнө ылайык, 2023-жылы үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана убактылуу коргоо ордери берилген адамдардын ичинен 97,2% эркектер түзгөн, ал эми 2,8% аялдар түзгөн. Ошол эле учурда үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандардын ичинен аялдар – 97,5% түзгөн, ал эми эркектер – 2,8%. Мындай көрүнүш 2004-жылдан бери белгиленип келе жатат.
- Демек, Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук гендердик көйгөй болуп эсептелет, анткени жабыр тарткан адамдардын басымдуу бөлүгү – аялдар, үй-бүлөлүк агрессорлордун көпчүлүгү – эркектер.

# № 6 жалган түшүнүк: Жакындар урушса – бат эле табышат. Урса – демек сүйөт

- Үй-бүлөлүк зомбулук уруш-талаш дагы, үй-бүлөлүк карама-каршылык дагы болуп эсептелбейт. Зомбулук кырдаалында бир адам өзүнүн дене бойлук күчүн, экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн, социалдык макамын ж.б. колдонуп башка адамды көзөмөлдөөгө умтулат.
- Үй-бүлөлүк зомбулук уруш-талаштан же карама-каршылыктан циклдүүлүгү (кайталанмалуулугу), интенсивдүүлүгү, ошондой эле зомбулук актысынын келтирген зыяндары менен айырмаланат. Эгерде үй-бүлөдө зомбулук болсо – бул эпизод, ал эми зомбулук – бул система.
- Үй-бүлөлүк зомбулук адамдардын ден соолугу жана өмүрү үчүн олуттуу зыяндарды алып келиши мүмкүн.

# № 7 жалган түшүнүк: Эгерде аял зомбулукка чыдап жатса жана күйөөсүнөн кетпесе, балким баары жаман эместир.

- Көптөгөн аялдар уруп-сабоого жашай турган жеке турак-жайынын жоктугунан, коомдун ажырашкан аялга карата терс мамилесинен, өзүн жана балдарын бага албайм деп коркуудан, жакындары тарабынан колдоо көрсөтүүнүн жана түшүнүүнүн жоктугунан улам чыдашат.
- Жогоруда каралып кеткендей, аялдар зомбулукту жубайлык жашоонун мыйзам ченемдүүлүгү деп кабыл алуулары мүмкүн. Мисалы, *атасы аялын урса жана басынтса, анда кыз, үй-бүлөнүн башка моделин билбегендиктен өзүнүн күйөөсү тараптан ушундай зомбулуктуу мамилеге чыдай бериши мүмкүн, ал эми эркек бала болсо өзүнүн үй-бүлөсүндө зомбулук жасайт*.
- Көптөгөн окуяларда аялдар балдарга мейли кандай болсо дагы ата керек деп шилтеме келтиришет. Бирок  бул жалган түшүнүк адамдар зомбулуктан жабыр тарткан балдар жөнүндө ойлоно башташканда сынып, талкаланат.
- Калыптанып калган стереотиптерге ылайык майыптыгы бар адамдар жана улгайган адамдар эч нерсеге муктаж болушпайт деп ойлошот жана алардын муктаждыктарына көп учурда кайдыгер мамиле жасашат. Бул майыптыгы бар адамдардын жана улгайган адамдардын өз үйлөрүнөн чыга албоосуна, алар менен аз баарлашуу, аларды сейрек жуундуруу сыяктуу мамилелерге алып келиши мүмкүн. Мунун баары үй-бүлөлүк зомбулуктун формаларынын бири болуп саналган этибарсыз мамилеге кирет.